Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№29 [16987] ЖУМА, 07/11/2025

## Эльчибек Джантаев ЖМК өкүлдөрүн куттуктады



2-бетте

## Улуттук курама команданын жеңиши




8-бетте

### Даанышбек Кеңешов: «ЭЛ ҮЧҮН ИШТЕЙМ ДЕГЕН АДАМ КӨЙГӨЙДӨН КАЧПАЙТ»



5-бетте

### ЧЕКИР БАЗАРОВ КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫНЫН БАШАТЫНДА БОЛГОН



4-бетте

### МАДАНИЯТ ТАРМАГЫНДА ТАРБИЯЛАНДЫМ, ТАКШАЛДЫМ



6-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Н.Өмүрзакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 1387**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**

| | |
|---|---|
| Кабылдама: | 7–13–34 |
| Жооптуу катчы: | 7–10–02 |
| Жарнак бөлүмү: | 7–11–31 |
| E-mail: | oshjan@mail.ru |

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# 9 айлык социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жыйынтыгы чыгарылды



Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын чоң жыйындар залында облустун 2025-жылдын 9 айында социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана бир катар актуалдуу маселелерди карoo боюнча коллегиялык жыйын өттү.

Жыйынга облус башчысы Эльчибек Джантаев, ыйгарым укуктуу өкүлдүн орун басарлары, район акимдери, облустук мекеме-ишкана жетекчилери жана айыл өкмөт башчылары катышышты.

Алгач облус башчысы жаңы дайындалган мекеме-ишкана жетекчилерин тааныштырып, андан соң күн тартибиндеги маселелерге өттү.



Коллегиянын күн тартибинде төмөнкү маселелер каралды:

1. Ош облусунун 2025-жылдын 9 айындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктары жана IV кварталга карата милдеттер;

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-мартындагы №56 Жарлыгынын аткарылышын камсыздоо (жол боюндагы тейлөө объекттерин мыйзамсыз жайгаштыруунун алдын алуу);

3. 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдык көрүү жана аны ийгиликтүү өткөрүү;

4. Алай, Кара-Кулжа, Өзгөн жана Чоң-Алай райондук мамлекеттик администрацияларында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик органдардын тапшырмаларынын аткарылышы жана жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн абалы;

5. Кокон хандыгынын белгилүү мамлекеттик ишмери Алымбек датка Асанбий уулунун 225 жылдык маарекесин өткөрүү боюнча иш-чаралардын жыйынтыгы.

Жыйындын жүрүшүндө облус башчысы Эльчибек Джантаев ар бир багыт боюнча маалымат берип, жол берилген кемчиликтерди белгилеп, тиешелүү жетекчилерге конкреттүү тапшырмаларды жүктөдү. Ошондой эле алдыдагы IV квартал жана кыш мезгилине карата уюштуруучулук жана аткаруучулук чараларды ыкчам жана сапаттуу аткаруунун маанисине токтолду.

Жыйындын соңунда Алымбек датка Асанбий уулунун 225 жылдык маарекесин өткөрүүдө салым кошкон бир катар мекеме-ишканалар жана жетекчилер Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамоталары жана Ыраазычылык каттары менен сыйланышты.

# Эльчибек Джантаев ЖМК өкүлдөрүн куттуктады

Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев журналисттерди кесиптик майрамы – КР Маалымат жана басма сөз күнү менен куттуктап, алардын коомдогу орду менен маанилүү эмгегин белгиледи.

Иш-чарада Эльчибек Джантаев жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө сапаттуу жана объективдүү маалымат берүүдө, коомдук пикирди калыптандырууда, өлкөдөгү өзгөрүүлөрдү элге өз убагында жеткирүүдөгү чоң салымы үчүн ыраазычылык билдирди. Ал ошондой эле журналисттерге чыгармачылык ийгилик, жигердүү ишмердүүлүк жана жаңы жетишкендиктерди каалады.

Жолугушуунун жүрүшүндө Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошкон жана маалыматты чагылдырууда жигердүүлүк көрсөткөн бир катар журналисттерге Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамоталары тапшырылды.




# Ош ОИИБге жаңы кызматтык унаалар тапшырылды





Ош облустук ички иштер башкармалыгына Кыргыз милициясынын 101 жылдыгына карата Президенттин белеги катары 7 даана JAC жана 10 даана Changan X5 үлгүсүндөгү жаңы кызматтык автоунаалар расмий түрдө тапшырылды.

Салтанаттуу тапшыруу аземине Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Арстанкулов катышып, облус башчысы Эльчибек Джантаевдин атынан куттуктоо сөзүн айтып, милиция кызматкерлерине ийгилик каалады.

Анын айтымында, кызматтык унаалар ички иштер органдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоого жана жарандардын коопсуздугун камсыздоодо натыйжалуулукту арттырууга багытталган.

Жаңы автоунаалар Ош облусунун райондорундагы бөлүмдөргө жана Милициянын кайгуул күзөт кызматынын өзүнчө батальонуна бөлүнүп берилди.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# Эл сүйгөн гезиттин 87 жылдык кадамы

Журналист кесиби ардактуу кесиптердин бири. Негизи кайсыл кесип болсо да чын ниеттен кызыгуу болбосо, ынтызарлык болбосо максатка жетүү оңой эмес. Дегенибиз, Союз мезгилинде азыркыдай өлкөбүздө жогорку окуу жайлары көп эмес болчу, саналуу гана окуу жайлары бар эле. Андыктан окууга тапшырсаң бир студенттик орунга канчалаган адам тапшырып, сыноо ошончолук татаал эле. Көздөгөн кесипке билим алуу да жеңил болчу эмес. Мындан улам жогорку билим алганы Россиянын жогорку окуу жайларына барат элек. Мен өзүм Россиянын Саратов деген шаарында жайгашкан Н.Г.Чернышевский атындагы мамлекеттик университетине журналистика факультетине тапшырып, беш жыл окудум. Анда бардык жогорку окуу жайларына беш жыл окучубуз. Мамлекетке 2 жыл иштеп берүү милдет эле.

Ошол Саратов облусундагы “Пут к коммунизму” газетасында эки жыл иштеп, Ош облустук “Ленин жолу” гезитине келип ишке орноштум. Ишке орношоюн деп редакцияга келсем кабылдамада бир топ адамдар редакторго киребиз деп олтурушуптур. Чоо - жайыбды сураршты. Көрсө, отургандар редакцияда иштешкендер экен. Окууну бүткөнүмдү, ишке орношкону келгенимди айттым. Мурунку жылы ушул редакция-



дан окуу жайына чакыртуу алып кеткенимди да айттым. “Кабарчылыкка орун жок болсо керек, корректорлука бар, алам десе макул боло бер, кийин бөлүмгө өтүп аласың” дешти олтургандар. “Жакшы адамдын шарапаты”, дегендей, бу адамдардын кеңешин көңүлгө түйдүм.

Мойдунов Шайлообай деген редактор экен газетада. Ишке орношкону келгенимди айтсам “кайсыл райондон болосуң?” деп сурады. Районумду айтсам, анда ишке албаймын, орун жок деди. Корректорлукка бар экен го дедим. “Жок, орун жок, бара бер” деп койду.

Кабылдамага чыктым. Сурап калышты: “Эмне, алдыбы”,- дешип. “Жок, орун жок деди, ишке албады”,- дедим. Анан мага дагы кеңеш беришти. “Обкомго бар, корректорлукка орун чындап бар, ошол жактан жардам сура”, дешти.

Бардым обкомго, ошол обкомдогу жоoптуу адамдардын жардамы менен корректорлукка ишке алындым. Көрсө, мен ошол редактор Мойдунов Шайлообай туулган райондон болуп чыгыпмын, мен келээрдин алдында эле “редактор өзү туулган райондон жердештерин ишке алып жатат” деген арыз тууралуу обкомдо талкуу болгон экен. Ошол үчүн редактор албай койгон экен.

Эми обком өзү жиберген соң, ишке алууга аргасыз болду. Редакцияда иштешкендер чоң, кичинеси тең мени колдошуп, “иштей бер, корректор болсоң деле макалаларды жаза бер, көп жаз” дешти.

Гезит анда күнүнө жарык көрөр эле. Күнүгө эрең менен саат алтыга калбай басылган, жаңыдан боек жыттаган гезиттер почтага жеткирилип, ошол күнү райондорго таркалат болчу. Анда Ош облусунун курамында азыркы Баткен менен Жалал-Абад облустары бар эле. Алыскы Токтогул районунан тартып, Баткенге чейин гезит жеткирилчү. Редакцияда жүздөн ашуун адам иштеп, көптөгөн бөлүмдөрдө үчтөн төрттөн кабарчылар олтурушчу. Бөлүм башчылар, адабий кызматкерлер, кабарчылар, өздүк жана сырт кабарчылар болуп иштээр элек. Сырт кабарчылар жеринен жаңылыктарды оперативдүү жеткиришээр эле.

Коммунисттик партиянын учуру эле. ТАСС, КырТАГдан да кабарлар, сүрөттөр келип, жарыяланчу. Компартиянын беш жылдык пландарынын аткарылышы, айыл чарба, мал чарба, билим берүү, медицина, жеңил, оор өнөр жайы, маданиият, спорт, деги эле эл чарбасынын бардык тармактары боюнча маалыматтар, кабарлар гезит бетинен жарыяланып турчу. Гезитке жазылуу мыкты деңгээлде болуп, 80 миң, 90 миң нускага жетээр эле.

Гезиттин форматы азыркыдан өзгөчөлөнүп чоң форматта чыккан. Бир номерге төрт корректор, бир “подчитчик” жооптуу болуп, эки кабарчы мөөнөтчү (дежур) болуп, бири улуу мөөнөтчү, бири кичи мөөнөтчү болушчу. Азыр гезиттин иши абдан жеңилдеди, бардык жумуш компьютерде аткарылат. Мурункудай кыйынчылык жок.

Белгилеп кетсек, редакцияда эчендеген мыкты редакторлор, кабарчылар жана кызматкерлер иштеп кетишти. Атын атасак, сан жетпейт дегендей. Айрымдарын атап кетсек, редакторлор Шайлообек Мойдунов, Аскар Сыдыков, Исмаилов, Абибилла Пазылов, Жапаркул Ташиев, Талант Моңолбаев, Маматазим Жуманазаров, Гүлжамал Жороева, кабарчылар Бүажар Калматова, Сеит Аминов, Жусуп Макиев, Анара Суракматова, Алмаз Нурдинов, Эсен Тиллебаев, Абдыжапар Жээнбеков, Калматов, Абдылда Капаров, Бозон Мамаселиев, корректор Гүлүмкан Ташбаева, машинисткалар Гуля Аблазова, Тургун Жакшыбаева, Ибарат Сатиева эжелер гезитке көп салым кошушкан.

СССР мамлекети жоюлуп, 15 республика таркады. Компартия жоюлду. Эгемен Кыргыз Республикасы болдук. Мурунку “Ленин жолу” (алгач "Кыргызстан большевиги" эле) гезитибиз азыр “Ош жаңырыгы” аталды. Тээ 1938-жылы уюшулган гезитибизге бүгүнкү күнү 87 жыл болду. Гезитибиз замандын оор түйшүктөрүнө карабай үзгүлтүксүз жарык көрүп, өзүнүн окурмандарына жетүүдө. Гезитибиз өзүнүн сайтын ачып, маалыматтар интернет айдыңына ийгиликтүү таркалууда.

**К.Кыдыралиева.**

# “Ош жаңырыгы” редакциясындагы унутулгус жылдар

Мен ар убак мага келечекке багыт берип тарбиялаган областтык «Ош жаңырыгы» газетасы менен сыймыктанам. Бул басылма мен үчүн эң жакын жана эң кымбат.

Облустук “Ош жаңырыгы” гезттин биринчи саны (мурунку "Ленин жолу") 1938-жылдын 14-октябрында жарык көргөн. Убакыт өтүп «Ош жаңырыгы» гезити бүгүнкү күндө өзүнүн 87 жашын тосуп отурат. Бул аз мезгил эмес, бир кылымга тете өмүр. Бул жылдар аралыгында эптүү эмгек жасалып, маңыздуу макалалар жазылды. Бүгүнкү күндө гезит калың элдин катмарына жетип, көзгө басар иш-аракеттерди аткарып келүүдө.

Мен облустук гезитте көп жыл иштеп, тажрыйба арттырдым. Басылманын түйшүгүнө көндүм. Алгач корректор болдум, кийин кабарчы, саясий баяндамачы кызматтарын аркаладым. Облустун аймагындагы бардык кызматтар менен баарлашып, ишиндеги жетишкендиктерди, кемчиликтерди басма сөз бетине байма-бай чагылдырып турдум.

Бул жылдар мен үчүн областтык газетанын кабарчысы болуп изденип иштеген, калемгерлик дараметимди сынаган жемиштүү жылдар болду. Ишке байланыштуу командировкаларга чыгып, областтын аймагындагы элет турмушу менен жакындан таанынштым. Жакшы адамдар менен баарлаштым, жакшы санаалаш тааныштарды ашырдым.

Мен редакцияга келгенден бери Абибилла Пазылов, Аскар Сыдыков, Жапаркул Ташиев, Талантбек Моңолбаев, Мамырайым



Дуванаев, Абдувахап Мониев, Гүлжамал Жороева, Маматазим Жуманазаров, Асанбек Каракозуев редактор болду. Ар келген редактор гезиттин окумдуулугун арттырууга, сапаттуу чыгарууга өздөрүнүн үлкөн салымдарын кошушууда.

Алсак, Абибилла Пазылов кесиптештерин калеминен баалаган мыкты инсан, кесипкөй журналист катары эсте калды. Мамырайым Дуванаев иштегенди билген, көңүлдүү жүргөн мыкты редактор болгон, анын учурунда биринчи жолу газетаны компьютерлештирүүгө жетишилген. Газетанын окумдуулугун арттыруунун аракети жасалып, иштөөгө жакшы шарт түздү. Гүлжамал Жороева редактор болгондо газетаны таптакыр өзгөрттү, биринчи жолу түстүү болуп Бишкектен чыга баштады. Көп жылдардан бери ремонт көрбөгөн иш бөлмөлөр сырдалып, маанайды жаркытты. Асанбек Каракозуев басма сөз айдыңындагы жүргүзүлүп жаткан реформаларга туш келди. Натыйжада редакцияда бир катар жаңылануулар болду. Басылманы ар тараптуу өнүктүрүү боюнча жаш жетекчиден көп демилге жаралып, гезиттин окурмандарын арттыруунун үстүндө талыкпай иштеп жатат. Гезит облустун аймагына почта байланышы аркылуу өз убагында жетип жатат. Бүгүнкү күндө «Ош жаңырыгы» гезитинин соцтармактарда да атайын баракчасы бар. Ал аркылуу да маалымат окуп, таанышып турууга болот.

Көп жылдардан бери аталган басылмада үзүрлүү эмгектенүү менен бирге, бир нече авторлордун китеп түзүү иштерине катыштым. Алсак, Сейит Аминовдун «Исхак Раззаковдун жердештери» деген эскерүүлөрүн, Ризван Исмаиловдун «Отту сүйгөн Жолон акын», Шамырбек Тургунбаевдин Ырлар жыйнагынын жарык көрүүсүнө салым коштум. Асанкул Канатовдун «Турмуш сабактары» жана «Мен билген жакшы адамдар» деген повестерине, Абдылла Эрмекбаевдин «Калдар булак», Рахат Маматованын «Поэзия ырахаты», Зеби Камалованын “Ырларым-менин сырларым”, Канымбү Мааданованын “Жүрөк сыры”, “Жүрөк сырысы”, “Дил кайрыктары” деген ыр жыйнактарына, Ултай Матиеванын «Ак тилек» аталыштагы жаш акындардын ырлар жыйнагына жана “Биз бирге окуганбыз” деген китептерине редактор болдум. Ошондой эле, Айылдык Кеңеш Кызматынын алдында уюштурулган облустук «Фермер» гезитин жайылтууга, Түрк урууларынын «Вечный эл» жеке менчик гезитин чыгарууга көмөк көрсөттүм.

Макала, очерк, публицистикаларды жана ырларды жазып, газетанын мазмундуу, сапаттуу чыгуусуна бараандуу салым коштум.

Редакцияда канча адам иштесе да ар биринин өзүнө ылайык милдети, жоопкерчилик, түйшүгү бар. Ар убак чогуу иштеген кесиптеш ага, эже, ини, сиңдилер эске түшөт. “Ош жаңырыгы” бизди тороптту, чыйралтты, бөпөлөп өстүрдү. Улуу муундагы журналисттердин мектебинен өттүк, таалим-тарбиясын алдык, тажрыйбасын үйрөндүк.

Кесиптик майрамдын арапасында гезиттин бүгүнкү күндө иштеп жаткан эмгек жамаатынын ысымдарын сыймыктануу менен атагым келет. Алар: Асанбек Каракозуев- башкы редактор, Канымжан Кыдыралиева- редактордун орун басары, кабарчылар Төлөнбай Абдыразаков, Маматазим Жуманазаров, Бурма Ысакова, Назгүл Өмүрзакова жана Бекмурат Келдибаев- дизайнер, Гүлбарчын Тоотаева- эсепчи, Гүлзада Өскөнбаева- иш жүргүзүүчү. Мындан сырткары, дагы 2 кызматкер гезиттин иш-аракеттерин соцтүйүндөрдө жүргүзүп келатат.

Бурма Ысакова редакцияга эмгегин сиңирген кабарчылардын эң улуусу. Айыл аймактарды түрө кыдырып, элдин турмушунан кабар алган дыйкан журналист. Табиятынан жумшак, жайдары, жүргөн-турганы майрам. Анын жаштарга жол көрсөткөн кеңеш, насаат сөздөрү таберик. Ылайым ушул калыбыңыздан жазбай, жүгүрүп жүздү жашаңыз!

Канымжан Кыдыралиева көп жылдардан бери редактордун орун басары кызматын аркалап келатат. Редакциянын жүрөгү, мотору. Гезит ишин мыкты өздөштүргөн менеджер кадрлардын бири. Россиядан окуп келген, эки тилде тең жазган кесипкөй журналист.

Назгүл Омурзакова кабарчы кыздардын жүгүрүп иштеген эң жашы, эң тыңы. Редакциядагы эмгек жолун дизайнер - кабарчы болуу менен баштаган. Бул жылдар аралыгында изденип иштөөнүн натыйжасында көп ийгиликтерге жетишти.

Жакшылык менен жамандык катар жүрөт экен, өткөн жылы катарыбыз кемиди. Динара Жусупбекова менен Гүлбара Мамазияеванын көзү өттү. Редакция барда, биз барда алардын жаркын элестери биз менен чогуу жашай берет. Бири эже, бири сиңди, экөө тең мыкты калемгер эле.

**Айгүл МАТИЕВА**

# ЧЕКИР БАЗАРОВ КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫНЫН БАШАТЫНДА БОЛГОН



Өткөн кылымдын отузунчу жылдары коомдук турмушка жаштыгына карабай активдүү катышкан инсандардын бири Базаров Чекир болгон экен. Ал 1914-жылы Ош шаарынын түштүк тарабында жайгашкан Төлөйкөн айылында жарык дүйнөгө келген тура. Ошол учурдагы турмуш тиричилик кечирүүдөгү жашоо шарттын ыңгайына карай ата-энеси дыйканчылык менен алектенген болот. Чекир алты жашында совет өлкөсүнүн таасирдүү революциялык түптөлүүсү Ош жергесине чейин келгендигин аңдап билбесе да ошол доордун капшабына азаптуу катышып калгандыгын өмүрүнүн акырына чейин кара так болуп жүрөгүндө жаны менен кошо кеткендигин тарых тастыктап тургансыйт. Башынан өткөн армандуу окуя жөнүндө кийин кат сабаты жоюлган коомдук жана мамлекеттик ишмер болгон чагында көп эскерчүү экен. Ал эл арасында айтылган ошол учурдагы, тагыраагы 1920-жылдын кыш учурунда, ызгаардуу чилденин бир күнүндө кечке жуук басмачылар тарабынан атасы Базардын үйүнө кол салуу болот. Ал жерде тамак аш азык-түлүктөрүн тартып алууга келген каракчылар менен кызыл аскерлердин ортосунда ок атышуулардын таасиринде атасы Базардын бутуна ок жаңылат. Ал эми апасы атылган октон каза табат. Жаштыгына карабай кандуу тополоңго аралашкан алты жаштагы чекирдин да сол колуна ок жаңылат.

Ошондон дүрбөлөңгө түшкөн айылдаштары, тууган уругу ок атышуу менен коштолгон тополоңго жапырт катышып Ош шаарындагы кызылдардын аскердик горнизонуна чабарман жөнөтүлөт. Тез эле аскерлер келип ок атышуунун негизинде басмачыларды колго түшүрүп байлап кетишет. Колунан катуу жаракат алган Чекирди солдаттардын госпиталына алып барышат. Ошол жерде алты жаштагы Чекир сол колунан ажырайт. Ал эми атасы бутуна алган жаратынан улам жарык дүйнө менен кош айтышат. Жаштайынан багаар көрөрүнөн ажыраган жети жашка толуп толо элек Чекир томолок жетим калат. Аны атасынын иниси өз балдарына кошуп асырап алат. Кийин 1927-жылга чейин айылдык балдар менен кошо багаар көрөрү жок тоголок жетим катары Оштогу номер экинчи мектеп интернатында кат сабаттуулугун жоюу максатында билим тарбия алат. Жашы он төрткө чамалап калганда окуусун интернаттагы мыкты окуган окуучу катары билим тарбиясын андан ары өркүндөтүү максатында ошол учурдагы Кыргызстандын түштүгүндө жаңыдан ачылган мугалимдерди даярдоочу Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык атайын техникумдан окуусун улантат. Чекир Базаров сол колунан ажыраган тоголок жетим жигит эрк тутумун бекем карманган техникумдун коомдук иштерине активдүү катышуу менен окуу тарбиялык иштерди мыкты өздөштүргөн мугалимдик кесиптин ээси катары 1931-жылы окуу жайды ийгиликтүү аяктайт.

Ошол учурдагы коомчулуктун көзүнө илинген он алты жаштагы Чекир Базаров Ош шаарындагы Жибек комбинатынын алдында уюшулган кесиптик багыттагы ФЗОдо директор-мугалим болуу менен алгачкы эмгек чыйырына жол салат. Өзүн ар тараптуу билим алууга дыкаттаган жаш дилгир боз уландын сабаттуулугун баалаган комбинаттын жетекчилиги аны кадрлар бөлүмүнүн башчысы кызматына дайындашат. Ошол учурда Ош Жибек комбинаты жападан жалгыз жеңил өнөр жай ишканасы катары өлкө аймагынан сырткары жактарга да белгилүү эле. Ушул жерден Базаров Чекирдин кызматтык абройю жогорку жетекчиликтин көз кырына алынгандыгы андан аркы кызматтык жолунда өзгөчө орунда болот. Ал 1935-жылы аз да болсо эмгектик тажрыйба топтогон адист катары Араван райондук машина-трактордук станциянын саясий окуу тарбиялык бөлүмүндө уюшулган газетанын жооптуу редактору кызматына дайындалат. Ушул жерден анын журналистик саясий жооптуу ишинин алгачкы барактары ачылат. Бирок ал убактагы башкаруу бийлик тармагындагы көптөгөн өзгөрүүлөр байма бай болуп тургандыгына байланыштуу жаңыдан дайындалган кызмат оордунда узагып иштөөгө шарт болгон эмес тура. Газета жабылган соң кайрадан Жибек комбинатынын окуу борборуна директорлук оордуна келет.

Кийин 1937-жылы Төлөйкөн айылындагы жети жылдык мектептин директорлук кызматына которулат. Ал эми 1938-жылы Ош райондук билим берүү башкармалыгында башкы инспектор болуу менен райондук билим берүү башкармалыгынын башчысынын милдетин кошо аткарат. Эл арасындагы сабаттуулукту көтөрүү багытында көрүнүктүү иштерди алып барууга далалатын катуу жумшоонун таасиринде бийлик төбөлдөрүнүн көз кырына даана алынат. Андан кийин 1940-жылдын башында жаңыдан уюшулган Лейлек райондук билим берүү башкармалыгынын башчысы кызматына жөнөтүлөт. Ал жердеги кызмат оордунда жаш болсо да билим берүү жаатында топтогон практикалык иштеринин таасиринде аз убакыттын ичинде көптөгөн уюштуруучулук, жаңычыл багыттагы программалуу иштерди жолго коюуга жетишет. 1941-жылдын орто ченинде үй-бүлөлүк шартына байланыштуу өз айылындагы Төлөйкөн жети жылдык мектебине директорлук кызматка кайрадан дайындалат.

Ошол учурда өлкөнүн батышында Улуу-Ата Мекендик согуштун жалыны жалындаганы эл арасында түшүндүрүү уюштуруучулук иштердин зарылчылыгы келип чыккан учур болот. Мындай шартта Базаров Чекирге окшогон кадрларга таңкыстык күч алат.

Анын билими жеке шартта өлкөнүн саясатын жеткиликтүү деңгээлде өздөштүрүү өтө маанилүү экенин ички туюмунан жакшы сезип жүргөнү менен алты саны аман эместигине карабай коомдогу ар кандай кайчалыштардан кыйгоону үйрөнгөндүгү, иштөө тажрыйбасынын молдугу аны ар жактуу коргоп келген. Ал ошол 1941-жылдын башында үй-бүлөсүндө чоң жоготууга учурайт. Өмүрлүк жолдошу Шаара дүйнө салганы Чекирдин кабыргасын кайыштырат. Чиедей эми жетилип келе жаткан балдарынын тагдыры тамаша болбогондугун сезгендиктен Лейлектеги кызматынан өз өтүнүчү менен турмуш жагдайына кайпала бошонуп келген тура. Арадан бир жылга чамалуу убакыт өтпөстөн эле ал Ош облустук Компартиясынын пропаганда жана агитация бөлүмүнө инструктор-лектор кызматына чакырылат. 1943-жылы согуш оту каардуу күч алып, ошол учурда "Бардыгы фронт үчүн, Бардыгы Жеңиш үчүн!"деген ураан алдында облустун булуң бурчтарында түшүндүрүү иштери боюнча далай жолу сапарда болот.

Анын ушундай аракетчилдигин, массаны муюта билгендигин сезген облус жетекчилиги 1953-жылы облустук "Ленин Жолу" газетасынын редакциясына башкы редакторлук кызматына дайындашат. Көп тармакта иштеген тажрыйбасынын пайдасы тийгенби, ал учурдагы замандын оордугуна карабай туура он жыл үзүрлүү эл оозунда болуу менен жан үрөй кабагым кашым дебей ак ниеттүүлүктө эмгектенет. Анын кызматтык абройу дал ушул жерден даана көрүнөт. Журналистиканын татаал сырларын терең өздөштүрүү менен ошол замандын гегомону болгон В. И.Лениндин "Газета-коллективдүү агитатор, пропагандист гана болбостон, Коллективдүү уюштуруучу да боло алат"деген лозунгун катуу карманууу менен 1954-жылга чейин жүрөгү менен бериле кызмат аткарат. Мунун далили катары ошол жылдары газета СССР Жогорку советинин Ардак грамотасы, газетанын башкы редактору Базаров Чекир Ардак белгиси ордени менен сыйлангандыгын тарыхтагы сыймыктуу далил десек болот. Ал дээрлик сегиз жыл Ош облустук Коммунисттик партиясынын бюро мүчөсү болуп турган. Иштеги уюштуруучулугун, журналисттикадагы баамчыл кыраакылыгын сезген жетекчилик аны Облустук партиялык комиссиясынын төрагасы кызматына бюронун чечими менен дайындалат. Ар бир тагылган жооптуу милдеттерге кылдан назик жоопкерчиликте карагандыгы үйрөнгөн тажрыйбалуу журналист-коммунист Чекир авабыз партиянын ички турмушунун ошол учурдагы "Ревизору" катары бааланган кызматта эки жылга жакын эмгектенет. Ал учурдагы саясий олку-солкулуктарга байланыштуу партиянын жол баштоочу ролу төмөндөгөн учурда парткоммисиялык кызматтык оорун жоюлууга тушугат. Ошондон улам 1957-1958-жылдары кайрадан өзү татыктуу иштеген "Ленин Жолу" газетасында жооптуу катчылык милдетин аркалайт. Арадан көп өтпөй эле ошол учурдагы отузминчилердин ураанынын шардары менен Ош районунун Фрунзе атындагы колхозунда башкармалык милдетти аткарат.

Замандын кырдаалына карата ал жерде деле узагып иштей алган эмес экен. Анан калса ден-соолугу да чарбалык иштерде тушугууга мүмкүнчүлүк бербеген окшумалдуу. 1959-жылы колхоз совхоздук чарба болуп кайра түзүлгөндүгүнө байланыштуу өз каалоосу менен башкармалык милдетти тапшырып берүүгө мажбурланат. Андан соң өзү материалдык базасын чыңдоого, окурмандардын санын арбытууга чоң салымын кошкон облустук "Ленин Жолу" гезитинин редакциясына маданият, каттар жана турмуш тиричилик жактан тейлөө бөлүмүнө бөлүм башчы кызматына келет. Бирок бул кызматта аз гана мезгил пайсал таап эмгектенет. Анын андан соңку кызматы 1959-жылдын апрель айынан өмүрүнүн акырына чейин тагыраагы 1962-жылга чукул облустук аткаруу комитетинин басылмаларды, аскердик жана мамлекеттик сырларды сактоо башкармалыгында жетекчилик кызматты аткарат.

Чекир Базаровдун артында сегиз баласы калат. Аларды кайын энеси Фатима Хисамудинова тарбиялап өстүрөт. Ал киши Бирлешкен айылында мектепте иштеп өзү жалгыз неберелерин эрезеге жеткирип турмуш жолуна салган соң 1977-жылы көз жумат.

Көрүнүктүү коомдук, мамлекеттик жана чарбалык ишмер Базаров Чекир өмүр жолунда татыктуу сиңирген эмгектери жогору бааланган. Ал Лейлек райондук советинин, Төлөйкөн айылдык советинин депутаты болуп шайланган. Эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн СССР совнаркомунун алкыш баракчасын, Кыргыз ССРнин президиумунун Ардак грамотасын 1946 жана 1956-жылдары Ардак белгиси орденин эки жолу алууга татыган. Ошол эле учурда жеке турмушунда алты жашында басмачылардын огунан сол колунан ажыраса, 1940-жылы аялы Шаара каза болуп, 1958-жылы кийинки баш кошкон аялы Лайли да дүйнө салган. Алардан тапкан сегиз баласын өзү көз жумганга чейин татыктуу тарбиялаган.

Ч.Базаров облустук абройлуу басма сөздүн башында турганда "Ленин Жолу" гезити эл арасында маалымат каражаты катары ишенимдүү элдин колдоосундагы таасирдүүлүгүн жоготкон эмес. Ошондон улам белгилүү журналист, журналистикада өз оорду бар мыкты жетекчи катары азыр да Чекир Базаровтун салмагы өзгөчө экендигинен тайбашыбыз абзел.

**М.Жуманазаров, журналист.**

### Алай районунун Жаңы-Алай айыл өкмөтүнүн башчысы Даанышбек Кеңешов:

# «ЭЛ ҮЧҮН ИШТЕЙМ ДЕГЕН АДАМ КӨЙГӨЙДӨН КАЧПАЙТ»

**Алай өрөөнүнүн уулу Кеңешов Даанышбек Ажимуратович жергиликтүү өз алдынча башкаруу тармагында көп жылдык тажрыйбасы жана жигердүү эмгеги менен айырмаланып келген инсан. Ал 1975-жылдын 10-июнунда Алай райондундагы Сопу-Коргон айылында жарык дүйнөгө келген. Ош мамлекеттик университетинин табият таануу жана география факультетин бүтүрүп, зооинженер адистигине ээ болгон.**

Эл кызматындагы эмгек жолу 2000-жылдан тартып башталып, мугалимдик кесиптен айыл башчылыгына чейинки баскычтарды басып өткөн. Ал Талды-Суу айыл өкмөтүндө салык кызматкери, социалдык кызматкер жана үч ирет айыл өкмөт башчысы болуп иштеп, жергиликтүү тургундардын турмушун жакшыртууга салым кошкон. Учурда болсо Жаңы-Алай айыл өкмөтүнүн башчысы катары эл ишенимин актап, коомдук өнүгүүнүн жаңы багыттарын ишке ашырып келет.

Даанышбек Кеңешов көп жылдык ишмердиги аркылуу мамлекеттик башкаруу системасында чыныгы жетекчилик сапаттарды көрсөтүп, эл менен тыгыз байланыш түзө алган инсан катары таанылган. Анын ар тараптуу билими жана элге кызмат кылуудагы принципиалдуулугу бир нече ирет жогорку деңгээлде бааланып, 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин “Кызматташтык” медалы менен сыйланган. Ошондой эле 2017-жылы анын жетекчилигиндеги айыл өкмөт “Эң мыкты айыл өкмөтү” республикалык сынагында 3-орунду камсыздаган.

Алай районунун Жаңы-Алай айыл өкмөтү райондун борборунан алыста жайгашканы менен экинчи калаа аталган Ош шаарына чектеш орун алган. Биз аталган Жаңы-Алай айыл өкмөтүнө барып, аймак башчысы Кеңешов Даанышбек Ажимуратович менен мындагы аткарылган жумуштар туурасында баарлашып кайткан-быз.

## Жаңы-Алай айыл өкмөтү

Алай районунун Жаңы-Алай айыл өкмөттүн курамында Жаңы-Алай жана Жаңы-Арык айылдары бар. Аймакта 946 кожолукта 4876 адам жашап, жашоо шарты, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөө тармактары боюнча бир катар маанилүү иштер жасалууда. Айыл аймагында 2 бала бакча, 2 орто мектеп, 1 айылдык китепкана жана 1 медициналык мекеме элге кызмат кылууда.



## Салык маселеси

Салык чогултуу багытында да аймак алдыга жылууда. Салык төлөөчүлөргө инвентаризация жүргүзүлүп, төлөмдөрдүн убагында бюджетке түшүшү көзөмөлгө алынган. Натыйжада 9 айдын жыйынтыгы боюнча план 3 703,9 миң сом болсо, аткарылышы 3 874,4 миң сомду түзүп, 104% көрсөткүч менен план ашыгы менен аткарылган.

Бул айыл өкмөтүнүн экономикалык тармагындагы чоң жетишкендик. Ар бир салык түрү боюнча жоопкерчилик менен иш жүргүзүлүп, өз убагында отчеттуулук камсыздалган.

## Айыл чарба жана курулуш

Айыл чарбачылыгы -Жаңы-Алай аймагынын экономикасынын негизи. Айыл чарба багытындагы жалпы жер аянты 1606 гектар, анын ичинде 619 гектар айдоо жери бар. Суулу айдоо аянты -313 га, кайракы жер- 316 га, чөп орунду - 101 га, ал эми жайыт - 884 гектарды түзөт. Айылдагы ирригация системаларын жакшыртуу үчүн 100 метрлик суу түтүгү жана 80 метр бетон лоток орнотулуп, жумуш бүткөрүлдү.



Бул иштердин бир бөлүгү Алай райондук администрациясынын колдоосу жана демөөрчүлөрдүн салымы менен ишке ашты.

Аймактагы элдин эмгеги менен чарбачылыктын пайдубалы бекемделип, жаңы курулуштар жана инфраструктуралык долбоорлор ишке ашууда.

“CASA-1000” долбоорунун алкагында жаңы ФАП курулуп, элдин ден-соолугун коргоого зор салым кошулду. Бул ишти «СК



Бекболот» фирмасы аткарган. Мындан тышкары, республикалык бюджеттин эсебинен Жаңы-Алай айылына 120 орундуу бала бакча куруу иши башталып, “Азия курулуш компаниясы” ЖЧКсы тарабынан долбоордун алкагында биринчи кабатынын дубалдары тургузулду.

Ошондой эле, аймакта республикалык бюджеттин негизинде 2 чакырым 300 метр жолго асфальт төшөө иштери башталып, эл үчүн көптөн күткөн жаңылык болду. Бул демилге тургундардын жашоосуна зор ыңгайлуулук жаратып, айылдын көркүн да, келечегин да өзгөртүп жатат. “Эл жолсуз жерде жашоонун ыңгайын көрбөйт, жол бар жерде өнүгүү болот” деген түшүнүк бул аймакта иш жүзүндө өзүн актап барат.

## Айыл тазалыгы - өнүгүүнүн жүзү

Айылдын көркү -тазалыгында. “Жаңы-Алай тазалык” муниципалдык ишканасына 4 млн. 500 миң сомго таштанды ташуучу заманбап автоунаа алынып, элге кызмат көрсөтүү сапаты кескин жакшырды. Бул долбоор “Сапатавтотранс” ЖЧКсы аркылуу ишке ашып, каражаттын бир бөлүгү жергиликтүү бюджеттен, ал эми 3 млн. 300 миң сому Алай райондук өнүктүрүү фондунан каржыланган. Натыйжада айылдын көчөлөрү, коомдук жайлар тазаланып, санитардык абал жакшырды.

## Социалдык камкордук

Жаңы-Алай аймагында социалдык колдоого муктаж үй-бүлөлөргө да көңүл буруу -башчынын адамдык жана жетекчилик парзы. Аймакта 45 үй-бүлө ата-энеси миграцияда болуп, чоң ата-чоң энелердин карамагында



жашап жаткандыгы аныкталып, аларга тийиштүү жардамдар көрсөтүлгөн. Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө документтик колдоо көрсөтүлүп, жарандардын укуктары корголгон. Ооган согушунун ардагерлерине болгон урмат да өзгөчө. Айыл өкмөтү тарабынан согуш ардагери Арынов Зикирбайга социалдык колдоо көрсөтүлүп, акчалай жардам берилген.

## Көйгөйлөр да көп

Айыл аймагында өндүрүш ишканалары жок болгондуктан, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн толтуруу оңой эмес маселе бойдон калууда. Ошого карабастан, айыл өкмөт башчысы Даанышбек Кеңешов башында турган жамаат ар бир тыйындын эсебин так жүргүзүп, ыксыз чыгымдарды кыскартуу менен аймактын инфраструктурасын жакшыртууга багытталган иштерди тынымсыз жүргүзүп келет.

Жергиликтүү тургундардын көпчүлүгү дыйканчылык менен алектенип, жылына эки жолу түшүм алуу аракетин көрүшөт. Ал эми аймактын Ош шаарына жакын жайгашканы элге кошумча мүмкүнчүлүк жаратып, тургундардын бир бөлүгү шаарда эмгектенип, үй-бүлөсүн камсыз кылууда.

Ошол эле учурда, Жаңы-Алай айыл өкмөтү бир катар олуттуу маселелер менен да бетме-бет келип турат. Эң негизги көйгөйлөрдүн бири айыл өкмөттүн өз имаратынын жоктугу. Бул маселе жылдар бою чечилбей келгендиктен, кызматкерлер учурда убактылуу имаратта иш жүргүзүүгө аргасыз. Аймак башчысы бул маселени чечүү келечектеги артыкчылыктуу милдеттердин бири экенин айтып, тиешелүү деңгээлдеги органдарга сунуштар берилгенин билдирди.

Мады участкасындагы жаңы конуштар да бүгүн айыл өкмөтүнүн көңүл борборунда. Бул конушта 150гө жакын үй-бүлө өз каражатынын эсебинен турак жай куруп, жашоону өз алдынча жолго коюп келет. Эл өз күчү менен жарык тартып, жашоо шартын жакшыртууга аракет кылган. Бирок, бул конуш али расмий статус ала элек. Ошондуктан, аймак башчысы бул багытта тиешелүү документтерди даярдоо жана керектүү шарттарды түзүү боюнча иш алып барууда. Учурда айыл өкмөт бул конушка суу, электр энергиясы жана жол маселесин чечип берүү үчүн да аракет көрүп жатат.

Мындан тышкары, билим берүү жана бала бакча тармагындагы көйгөйлөр да көңүл борборунда турат. Айыл өкмөт башчысы бул тармактагы имараттык тартыштыкты жоюу боюнча чараларды көрүп, мектептерге жана балдар бакчаларына кошумча корпус куруу боюнча тиешелүү сунуштарды жогорку органдарга жөнөткөнүн билдирди.

Даанышбек Кеңешов “каражат жок деп кол куушуруп отуруу туура эмес” деп эсептейт. “Биз маселелерди чечүүнүн жолдорун издеп жатабыз, эл үчүн иштөөнүн башка варианты жок” дейт. Көйгөй көп болсо да, аракет бар жерде жылыш бар. Ушундай ишеним жана эмгек менен Жаңы-Алай айыл өкмөтү өз багытын туура аныктап, элдин жашоо сапатын көтөрүүгө аракеттери күч.

**Назгүл ӨМҮРЗАКОВА.**

# МАДАНИЯТ ТАРМАГЫНДА ТАРБИЯЛАНДЫМ, ТАКШАЛДЫМ

**Маданият тармагы көп кырдуу, көп тармактуу келет эмеспи. Маданият майданында, айрыкча, чыгармачылык менен тынымсыз эмгектенип келе жаткан Ноокат райондук маданият үйүнүн кызматкери, көптөгөн обондуу ырлардын автору, "КР Маданиятынын мыктысы" төш белгисинин ээси, Шарип Абдуллаевдин чыгармачылыгы жөнүндө сөз кылабыз.**



Шарип Абдуллаев 1960-жылы 15-мартта Ноокат районундагы Кара-Кой жайлоосунда төрөлгөн. Балалыгы, жаштыгы абасы таза, суусу тунук, жашыл арча жыттанган бийик тоолордун арасында өткөн. Алгачкы эмгек жолун 1980-жылы Кара-Кой тажрыйба токой чарбасында иштөөдөн баштаган. 1980-1986-жылга чейин токой чарбасында эмгектенди. 1987-жылдан бери карай Ноокат райондук маданият үйүндө үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Мыкты аткаруучу, обончу катары жумурай журтка таанылды. Чыгармачылык менен тынымсыз эмгектенип 100 дөн ашуун ырларга обон жаратты. Акындар менен байланышта болуп, алардын ырларына обондуу чыгармаларды жазды.



"Райондук маданият үйүндө бир топ жылдар бою эмгектенишкен, белгилүү обончу Кудайберген Темиров, куудулдар Аскар Суранов, Эргеш Токуров, ырчы жана аткаруучу Арзыкан Камчыбекова ж. б. менин устаттарым болчу, мен эми кийинки муундардын устаты болуп калдым дейт",-Шарип Абдуллаев. Жаштык өмүрүн, чыгармачылыгынын 40 жылын маданият тармагына арнаган обончу жана аткаруучу дале болсо, уккулуктуу жана мукамдуу ырларды аткарып, көпчүлүктүн көңүлүн көтөрүп келет. Көп жылдар бою эмгектенген ырчылардын катарына Дамира Маматованы айтууга болот. Ал райондук деңгээлде өткөрүлүүчү иш-чараларда комузун чертип, созолонтуп ырдап, көрүүчүлөрдүн купулуна толгон ырчы. Ал эми жаштардан болсо, М. Маматов, Б. Мамажанова, клипмейкер Шухрат Мамралиев, техникалык кызматкер Саипжан уулу Топчубай ж. б. кошкон салымдары чоң.

Жаш кезинен эле обон жаратууга болгон чыгармачылык эргүүсү, дарамети башталат. Жараткан обондору кыргыз элине белгилүү болуп ырдай баштайт. 1993-жылы акын жана жазуучу, маркум Салима Шарипованын сөзүнө жазылган "Сулууга" аттуу ырына обон жаратты. Бул ыр эстрада жанрында ырдалып келе жатат. 1993-жылы Ош, Баткен жана Жалал-Абад областтар аралык боюнча 35 жашка чейинки 108 обончу катышкан кароо-сынакта акын Өктөм Мамаеванын "Дил кумар" аттуу ырына обон жаратат. Кароо сынакта ырдап чыгып, биринчи орунга ээ болот. 2002-жылы Ош шаарынын 3000 жылдыгына арналган чыгармалар арасында өткөрүлгөн кароо-сынакта "Сыймыгым ордо Ош шаарым" (сөзү: М. Нурматовага жана Ш. Абдуллаевге таандык обону Ш. Абдуллаевдики) ырын аткарып биринчи орунга татыктуу болгондугун айтып кетсек болот.



Ш. Абдуллаев ар дайым чыгармачылыктын үстүндө эмгектенген, ички жан дүйнөсү менен эргип, акындардын китептерин окуп, ырга обону шайкеш келип калса, нотага түшүрүп, обон жаратууга эмгегин, билимин жумшайт. Обон жаратуу да өзүнчө чоң түйшүк, акындар ыр жазып түйшүк тартса, биз болсо обон жазып түйшүк тартабыз дейт,- обончу. 2016-жылы "Тарых жана маданият" жылында республикалык обончулар кароо-сынагында "Достук ыры" деген чыгармасын аткарып, биринчи орунга ээ болуп ийгилик жаратты. Ал эми 2021-жылы болсо маркум Р. Абдыкадыровдун 80 жылдык юбилейине карата өткөрүлгөн республикалык кароо сынакта акын Турабай Жороевдин сөзүнө жазылган "Жаз" ыры аттуу обону менен экинчи орунга ээ болот.



Азыркы учурда да обон чыгаруу менен алектенип келет. Жакында эле "Кара- Койум сени сагынам" аттуу ырын жаратты.

Ноокат райондук маданият үйүндө өткөрүлүүчү ар кандай даталуу күндөргө карата иш-чараларга сценарийлерди, сахналык көрүнүштөрдү даярдап берет. Жаштарга кеп-кеңешин берип, тажрыйбасын бөлүшөт. "Маданият тармагында иштеп өзүмдү тарбияладым жана өнүктүрдүм дейт",- обончу жана аткаруучу Шарип Абдуллаев.

Жалпы маданият тармагында эмгектенген чыгармачыл инсандарды кесиптик майрамы менен куттуктайбыз. Чыгармачылык ийгилик, аларга бекем ден-соолук, үй-бүлөлүк бакыт каалайбыз.




**Б. Ысакова.**

Китеп - билим булагы

# ЖАН ДҮЙНӨ АЗЫГЫН ТАРТУУЛАГАНДАР

**К.Ташбаев атындагы Ош шаардык борборлоштурулган китепкананын директору Токтомамбетова Салима Токтомамбетовна китепкана тууралуу айтып берди.**

-Кармышак Ташбаев атындагы Ош шаардык борборлоштурулган китепкана тармагы мекемеси 1951-жылы Ош шаардык китепкана болуп ачылып, 1976-жылы Ош шаардык борборлоштурулган китепкана тармагы (БКТ) болуп түзүлгөн. Ал эми 1979-жылы жалпы ББК (Библиотекалык-библиографиялык классификация) системасына өткөн.

Аталган китепкананын карамагында 5 филиал бар. Алар бүгүнкү күндө Ош шаарынын тургундарына жана жергиликтүү калкка толук кандуу кызмат көрсөтүп келет. Бул филиалдардын жалпы китеп фонду 235203 даанадан ашуун китепти түзөт. Ошондой эле гезит,журналдар менен бирге 2990057 даанадан ашуун фонду менен бирге шаарыбыздын калкын, шаарга караштуу айылдардын жергиликтүү тургундарын китеп менен камсыз кылат. Алардын ичинен 1 филиал балдар жана өспүрүмдөрдү тейлейт жана жыл өткөн сайын китепкананын китеп фондусу көбөйүүдө. Аталган филиалдардын окурмандарды кабыл алууда толук шарты түзүлгөн. К.Ташбаев атындагы Ош шаардык борборлоштурулган китепканага жаңы китептер үзгүлтүксүз келип турат. Адабият, тарых, психология, бала тарбиясы жана студенттерге пайдалуу мыкты китептер китеп текчебизден орун алган. Китепкана окурмандары менен тыгыз байланыш түзүп, жандуу жолугушууларды өткөрүүнү улантууда. Келип, кызыктуу китептерди окуп, китепкананын ноутбугу аркылуу www.elkitep.kg сайтынан 2000ге жакын оцифровка болгон электрондук китептерди да пайдалана алышат. Китепкананын фейсбук баракчасынын аталышы (Ош шаардык китепкана). Китепкананын инстаграмм баракчасынын аталышы ( Ош шаардык китепкана)





2024-жылы китепканада катталган окурмандардын саны 10273 адамды түзгөн. Ал эми 2025-жылы бул көрсөткүч 13166 окурманга жетип, өткөн жылга салыштырмалуу 2893 окурманга көбөйдү.

Китепкананын түзүмү: Окуу залы (электрондук), усулдук бөлүм, абонемент бөлүмү, тейлөө бөлүмү, конференц зал, китептерди жыйноо жана өнүктүрүү бөлүмү, жарандык укук борбору, эрте жаштагы балдарды өнүктүрүү борбору. Китепкананы өнүктүрүү жана окурмандар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында келечекте төмөнкү бөлүмдөрдү ачуу пландалууда:

-Мекен таануу залы, эрте жаштагы балдарды өнүктүрүү борбору (кеңейтүү), кыргыз тили борбору, чет тилдер бөлүмү, "Манас" эпосун изилдөө бөлүмү, искусство бөлүмү, конференц зал (кеңейтүү).



Быйыл 2025-жылы китепканалардын бирдиктүү система болуп түзүлгөнүнө 49 жыл толот. 2018-жылдын 24-март айындагы Ош шаардык кеңешинин №12 токтомуна ылайык, китепканага Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, акын К.Ташбаевдин ысымы ыйгарылган. К.Ташбаев атындагы Ош шаардык борборлоштурулган китепканада жана филиалдарда жылдык пландын негизинде ар түрдүү форматтагы иш-чаралар өткөрүлүп турат. Мамлекеттик деңгээлдеги көлөмдүү иш-чаралардын катарын белгилей турган болсок,алар “Манас, Манас - Манастан ураан чакырып” –аттуу иш-чарасы. 23-апрель- Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнүнө карата “Улуттук маданияттын эң биринчи аспабы-китеп” аталыштагы көркөм адабий иш-чара. “Карт тарых барактарынан” аттуу Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталардын ысмын ыйык тутуп, алардын басып өткөн өрнөктүү өмүр таржымалын даңазалоо максатындагы өткөрүлгөн иш-чара. Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына карата “Желбире Жеңиш желеги ” аталыштагы,акын Ж.Мамытовдун 85 жылдыгына карата “Улуу акын-Эл жүрөгүндө”аттуу эскерүү кече. Тарыхый инсан Алымбек Датканын 225 жылдыгынын алкагында “Алымбек Датка тарых барактарында” аталыштагы илимий конференция. 23-сентябрь-КРнын мамлекеттик тил күнүнө карата “Кылымга жаша-Кыргыз тилим” аталыштагы көркөм-музыкалык иш-чаралар өткөрүлүп, ар бир иш-чараны көлөмдүү китеп көргөзмөлөр коштоп,КРнын эмгек синирген ишмерлери, жогорку окуу жайлардын окумуштуулары жана жаштары, билим берүү тармагынын кызматкерлери жана окуучулары, китепкананын активдүү окурмандары катышып, иш-чаралар жогорку деңгээлде өткөрүлүп келет.

Ошондой эле ар түрдүү жоолугушуулар, кечелер, тегерек стол, аңгемелешүүлөр, диспуттар өткөрүлүп турат.

Ал эми китепкананын эрте жаштагы балдарды өнүктүрүү борбору, №7-а балдар китепканасы шаарыбыздын келечек муундарын тарбиялоодо зор дараметин жумшап,”Балдар биздин келечегибиз”аттуу ураандын алдында талыкпай эмгектенип келүүдө. Борбордо жашоо шартына,ден-соолугуна байланыштуу бала- бакчаларга жана мектепке бара албаган балдардын тизмеси такталып, ата-энелер менен жакындан байланыш түзүлүп, аларга жакындан жардам берилип, көп тараптуу өнүктүрүү аракети колго алынган. Балдарга байланышкан ар түрдүү иш-чаралар байма-бай өткөрүлүп турат.

Жогорудагыдай иш-чараларды өткөрүүдө китепканада эмгектенген эмгек жамаатынын салымы чоң. Андыктан, китепканага барып, китеп окуп, жан дүйнөбүздү азыктандырып турганга эмне жетсин. Китеп -биздин байлыгыбыз, сыймыгыбыз.

**Б. Ысакова.**

ЖАРЫЯЛАР

## Жараксыз деп табылсын

Ош мамлекеттик университети тарабынан 2011-жылы берилген Алишеров Жоомарт Алишеровичке таандык серия номери СС 110087212 каттоо номери 4351 дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1995-жылы Ош педагогикалык колледжи тарабынан Насирова Алтынайга берилген каттоо № 296 диплом № РТ-I 287 366 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Аукцион

«ОсОО «Люкс Консалт» объявляет публичные торги в форме открытого аукциона, по продаже заложенного имущества: Жилой дом общей полезной площадью 135,34 кв.м., жилой площадью 47,0 кв.м., расположенный на земельном участке мерою 600,0 кв.м., идентификационный код 5-11-18-1005-1111, находящийся по адресу: Ошская область, г.Ош, ул. А.Дубанаева дом №67.

Стартовая цена заложенного имущества составляет 7 241 000 (семь миллионов двести сорок одна тысяча) сомов.

Для участия в публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с в сомах 1117301200020271 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала публичных торгов.

Выигравшим внесудебные публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Публичные торги состоятся 12 декабря 2025 г., в 12:00 ч. по адресу: Ошская область, г.Ош, ул. А.Дубанаева дом №67.

Сведения об Организаторе торгов:

ОсОО ЮК "Люкс Консалт", адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0-(312)-56-88-25, 0-(772)-30-30-32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО "Банк Азии", код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167.

## Аукцион

Ала-Тоо айыл өкмөтүнө караштуу Кенжекул, Бекжар айылдарындагы мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча аукцион өткөрөт. Кенжекул айылында 8,10 га. сугат айдоо, Бекжар айылында 6,0 га. чөп чабынды жерлери.

Жарыя гезитке чыккан күндөн бир айдан кийин аукцион ар бир айылдык маданият үйүндө өткөрүлөт.

Сурап билүү үчүн тел: 0-558-68-08-11 , 0-771-12-22-60.

## Сынак

Араван районун Достук айыл өкмөтүнүн “Ош 3000” көчөсүндө жайгашкан 40 чарчы метр жана 60 чарчы метр муниципалдык жерди ижарага берүү максатында конкурс жарыяланат.

Сынак өткөрүүчү убактысы 2025-жылдын 3-декабрь күнү, саат 10:00дө Араван районунун Достук айыл өкмөтүнүн имаратында өткөрүлөт.

Сынакка катышуу үчүн арыз 2025-жылдын 1-декабрь айына чейин кабыл алынат жана кепилдик төлөм Элдик (РСК) банкына төлөнөт. Тийиштүү маалыматты алуу үчүн төмөндөгү телефон номерге кайрылсаңар болот. + 996990898981.

# Улуттук курама команданын жеңиши

**2025 -жылдын 31 –октябрынан 2-ноябрына чейин Болгариянын София шаарында отуздан ашуун өлкөнүн эң мыкты спортчулары катышкан спорттун каратэ түрү боюнча 15-дүйнө чемпионаты (WSF) болуп өтү. Кыргыз Республикасын дүйнөлүк татамиде Кыргыз Республикасынын каратэ-до-шотокан WSF Федерациясынын президенти Нурдөөлөт Рысбеков жетектеген улуттук курама командасы татыктуу деңгээлде көрсөттү.**




Спортчулар жогорку деэңгээлдеги техникалык жана физикалык даярдыгын, командалык рухун жана жеңишке болгон эркин көрсөтүштү. Бул жыйынтык кыргыз каратэси өз жолунда ишенимдүү өнүгүп, эл аралык деңгээлге чыгып жаткандыгынын далили болду.

КР командасынын спортчулары төмөнкү орундарды ээледи: Рысбеков Нурдөөлөт “кумитэ” боюнча 1- орунду алды (үч жолку дүйнө чемпиону болуп) жана 55 жаштан жогорку эркектер арасында “ката” боюнча 3- орунду камсыздады. Рысбекова Аруна 14 -15 жаштагы кыздар арасында (54 кг.) “кумитэ” боюнча 3- орунду багынтты. Таалайбеков Амanбол 18 жаштан жогорку эркектер арасында (75 кг.) “кумитэ” боюнча 1 -орунду алды жана дүйнө чемпион болду. Акунов Сыймык 18 жаштан жогорку эркектер арасында (84 кг.) “кумитэ” боюнча 2- орунду, Турсунбекова Айтунук 18 жаштан жогорку аялдар арасында (50 кг.) “кумитэ” боюнча 1- орунду багынтты жана дүйнө чемпиону болду. Рыскулов Билал 16- 17 жаштагы жаштар арасында (61 кг.) “кумитэ” боюнча 2 -орунду, Абдижалил уулу Атайбек 18 жаштан жогорку эркектер арасында (75 кг.) “шобу нихон кумитэ” боюнча 1- орунду камсыздады жана дүйнө чемпиону болду . Кочкорова Элеонора 11-12 жаштагы кыздар арасында (40 кг.) “кумитэ” боюнча 2- орунду багынтты.

Кыргыз Республикасынын каратэ-до-шотокан WSF Федерациясы КР Министрлер Кабинетине караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигине, Олимпиадалык эмес спорттун түрлөрү боюнча дирекцияга, Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына, Ысык- Көл облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына, машыктыруучуларга, ата-энелерге жана спортчуларды




колдогон бардык инсандарга ыраазычылык билдирди.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# Журналисттердин чоң футболдогу атаандаштыгы: достук жеңди

**1-ноябрда Оштогу ЖМК өкүлдөрү Кара-Суу райондагы "ОшМУ" футбол командасынын жаңыдан реконструкциядан өткөн "Манас" стадионунда чоң футбол ойнодук. Медиа өкүлдөрүнүн арасында болгон ушул оюн тууралуу азыноолак айтып берүүнү туура көрдүк, анткени мурда-кийин мындай чоң футбол аянтында оюн өткөрбөгөн бизге окшогон “кесипкөйлөргө” кандай таасир калтырганы башкаларга да кызык болсо керек дедик. Демек, немец-англис футболундагы же Дордмунддун "Боруссиясы" менен "Манчестер Ситинин" атаандаштыгынын кыргызча вариантын айтып беребиз.**



“Чу” дегенде эле сары-кара түстүүлөр жана асман өңдүүлөр болуп бөлүнгөн эки команда көк майсаңга чыгып, оюн алдындагы көнүгүүлөрдү жасап, тамыр-тарамыштарды калыбына келтиримиш болуп, буттарды ай-асманга кере-кере көтөрүп, жаңы келинден бетер футбол каадасын кылдык.

Андан кийин эле командалар кийим алмаштыруучу бөлмөгө кирип, машыктыруучу менен тактиканы талкуулап, позицияларды бөлүшүп, схемаларды чийип, "мен сол каптал чабуулчусу", "мен таяныч жарым коргоочусу", "а мен борбордук чабуулчу",-дешип чымчыктай чырылдап жатып калдык.

Биздин командада "ОшМУ" клубунун директору Айбек Сулайманов бар болчу, ошол киши схеманы аныктады. 4-4-2 схемасында чыкмай болдук. Старттык курамда баягылар эле (баягылар дегеним жаңы үйрөнчүк футболчулар) чыгышты. А биз "профессионалдар" алмашууда калып кеттик. "Эмнеге?",-деп сураган адам жок. Же биздин күчтүү футбол ойноорубузду билип калганбы же "оюн талаасында баланс болсун" дегенби, айтор не болсо да "карт карышкыр эмесни" деп калдык.

Ошентип биринчи таймдын биринчи жарымы "Боруссиянын" пайдасына чечилгендей болду ("сен кайсы командада эдең?" деп турсаңыз, мен "шаардыктардын" катарында болчумун). Бирок, биринчи таймдын экинчи бөлүгүндө асман түстүүлөр сары-кара өңдүүлөрдү түзүк эле кыйнашты. Деген менен Жаныбек Деркембаевдин шакирттери позициялык чабуул менен жүрүш жасап, бир гол урууга жетишти. Данияр Садиевдин деле шакирттери карап турушкан жок ага (Садиев оюн учурундагы машыктыруучу, ал эми Айбек Сулайманов ичкеридеги машыктыруучу болду). Тезинен топ кайтарып, гол парашют стилинде кирди.

Айтмакчы, алмашууда отурган футболчулар деле жөн эле карап турган жокпуз. Билген билимибизди ортого салып, "сен тиякта ойно, тиги позициясын таштап кетти" деп кыйкырып турдук. Кыскасы, маалмаалы менен 10-15 мүнөт оюнга кирип, командага жардам бердик дегендей...

Ошону менен биринчи тайм жыйынтыкталып, 15 мүнөт эс алгандан соң, экинчи таймга чыктык. Көздөр алоолонуп жанып, буттар "полный настройкада" болуп, баштар топту дарбазага жолдоп койгонго даяр болуп, чоң жарышка тапталган аргымактардай эле бышкырып чыктык.

«Максат бирөө – жеңиш!, - деди машыктыруучу-мотиватор Айбек аке, атаандаш команда жөн гана коллегалар эмес, алар бул оюнда профессионал футболчулар экенин эске салып. - Ортодо 1 млн. долларлык байге жок, бирок намыс бар! Жөн гана футбол болсо деле аны драмага айландыруу өзүбүзгө көз каранды. Эптеп ойноп коюп, атаандаштын алдында «жер көз» болуп калбайлы. Топко же атаандашка жетпей калгандан көрө аны токтот! Ар бир адам өз позициясына бекем болуп, акыркы демге чейин күрөшөлү».

Дал ушундай өңүттөгү кептер бизди жогорудагыдай маанайга жетелеп, экинчи таймга үлкөн максаттар менен чыккан кербезибиз эле. Ошентип, биринчи таймдын акыркы мүнөттөрүндө ойногон курам экинчи таймда негизи курам болуп чыкты. Биздин команданын байланыштыруучу жарым коргоочулары – Алтымыш Жантемир уулу, Кубат акелер, оң капталдагы вингерибиз Улукбек Сали уулу физикалык жактан чарчаса да, моралдык жактан чоң мотивацияга ээ болуп чыгышты. Ошол ошол болуп, машыктыруучунун мотивациясыбы же оюнчулар бири-бирине көнө калдыбы, айтор экинчи таймда оюн негизинен атаандаштын жарым талаасында жүрдү. Айрыкча борбордук коргоочуларыбыз Алшер-Муса Жалил уулу, Улан Раимбеков дүйнөлүк футболдун заманбап классикалык коргоочулары Виржил Ван Дейк, Эдер Милитан, Пау Кубарсилер сыяктуу ойноп, атаандаштын көп чабуулдарынын мизин маал-маалы менен кайтарып турушту.

Албетте, физикалык алсыроо, буттардын тарамыштарынын тартышуусу сыяктуу футболдо көп боло турган майда жаракаттардан улам алмашуулар биздин команда да болуп жатты. Ошол арада мен да оюнга чыгып, колдон келген жардамымды бердим. Бирок, физикалык көрсөткүчтөрүм төмөн болгондуктан, узак убакыт ойной алган жокмун. Мен сол каптал вингери катары 10-15 мүнөт ойноп, бир жолу гана жарым коргоочуга пайдалуу пас бергенге жетиштим. Оюнда мага башка мүмкүнчүлүк жаралган жок. Жаралса да аны пайдалануу ал күндөгү даярдыгымдын айынан оңою менен ишке ашпайт болчу.

Албетте, бул дымагыбыз жакшы болгон экен, контрчабуулдан эки гол өткөрүп алганыбызга карабай, экинчи таймда кайра эсепти теңегенге жетиштик. Ошентип 90 мүнөттүк оюн тең чыгуу менен аяктады. Эсеп 3:3 болуп, достук жеңди.

Кепти мындан ары да созо берсем болмок, бирок, ушу жерден эле кайтайын.

Аягында ушул футболду уюштуруу демилгесин көтөрүп, баштан аяк тикеден тик турган Медербек Ниязалиевге, Ош МУнун ректору Кудайберди Кожобековго 7-ноябрь - Маалымат жана басма сөз күнүнө карата уюштуруп берген мелдешине чоң рахмат айтабыз! Дегеним, биз үч саат бою өзүбүздү профессионал футболчулардай сезип, дүйнөлүк оюндун аурасын ичинен туйдук.

Ии баса, "немец менен англис футболунун биерде не тиешеси бар?" десеңиз, немистердей дисциплиналык футбол ойноп, пастар абдан так болуп, көздөгөн дарегине жетип жатты. А англистерчесинен физикалык даярдыкка көңүл бөлүп, оюндун ритми абдан бат болду.

**Бексултан Нуркамил уулу.**